**УДК 947. 1(575.2)084.3**

**ЖАЛИЕВА Б.Х.**
*Ж.Баласагын атындагы КУУ*
**ЖАЛИЕВА Б.Х.**
*КНУ им. Ж. Баласагына*
**JALIEVA B.H**
*J. Balasagyn KNU*

# ЖАРАНДЫК СОГУШ ЖЫЛДАРЫНДАГЫ КЫРГЫЗСТАНДЫН ТҮНДҮГҮНДӨГҮ КУЛАКТАРДЫН КОЗГОЛОҢДОРУ

## Кулацкие метяжи в северном Кыргызстане в годы гражданской войны

## Kulak riots in northern Kyrdyzstan during the civil war

***Аннотация.*** *Бул макалада Кыргызстандын түндүк райондорунда жарандык согуш учурунда (1918-1920) болгон тап күрөшүнүн тарыхый жана илимий-актуалдуу маселелери чагылдырылган. Кыргызстандын түндүгүндө Совет бийлигине каршы түздөн-түз аскердик аракеттер, козголоңдор Дмитриевка (Талас), Беловодск, Нарын кыштактарында, Пржевальск шаарында болгон. Түндүк Кыргызстанда орус падышачылыгы өзүнүн ишеничтүү таянычы болгон орус дыйкандарынын тың жашап кетүүсүнө зор кам көрүп тургандыктан, алар тез байып кулакка айланып кетишкен. Революциядан кийин аларга совет бийлигинин кереги жок болуп калган. Алар кайра мурдагы бийликти калыбына келтирүү үчүн күрөшкөн.*

***Аннотация.*** *В статье освещается научно-актуальные вопросы истории классовой борьбы в северных районах Кыргызстана в годы гражданской войны (1918-1920). На севере Кыргызстана были прямые военные действия против советской власти. Восстания против советской власти произошли в селах Дмитриевка (Талас), Беловодске, Нарыне и в городе Пржевальске. На северном Кыргызстане Российская империя глубоко заботилась о выживании русских крестьян, и они быстро богатели, становились кулаками. Им не нужно было советская власть. Они боролись за становление прежнего правительства.*

***Adstract****. The article highlights scientificallu relevant issues of the history of the class struggle in the northern regions of Kyrgyzstan during the civil war (1918-1920). In the north of Kyrgyzstan there were direct military actions agaibst the Soviet regime. Rebellions against Soviet power took place in the villades of Gmitrievka (Talas), Belovodsk, Naryn and in the ciry of Prezhivalsk. In northern Kyrdyzstan, the Russian Empire geeply careg about the survival of the Russian peasants and they guickly grew rich, became fisrs. tumeg for the restoration of dforeiners in the North of Kyrgyztan weren't needed n to the Soviet Government any londer, because they were rich and self-suffdicitnt, Russian Empire cared more about simple peasants, on whom they relied more. They didn't need Soviet power. They foughnt for the previous government.*

***Урунттуу сөздөр:*** *кулактар, эсерлер, совет бийлиги, кулактардын козголоңдору, фронт, азык-түлүк чачымы, монополия.*

***Ключевые слова:*** *кулаки, эсеры, советская власть, кулацкие мятежи, продовольственная разверска, монополия*

***Keyworgs:*** *kulaky, kulak sweepers, esery, soviet authority, progovol ztvennaya cazverstka, monopoly.*

1918-1920-жж. Кыргызстандын түндүгүндө болуп өткөн кулактардын антисоветтик козголоңу жөнүндө сөз кылуудан мурда, кулактар кимдер экендигин айтып өтүшүбүз керек. “Кулак” термини Россиянын коомдук турмушунда XVII кылымда эле пайда болуп, “Кулак” эмес “кулащики” деген сөздөн келип чыккан. Россиянын жазма булактарында биринчи жолу 1660-жылы кездешет.

Социалдык планда “кулащики” биринчи жолу посаддык калктын ичинен чыккан. Товар-акча мамилелеринин өнүгүшү жана акырындык менен феодалдык-крепостнойлук түзүлүштүн кулашы кулащиктерди шарттуу түрдө өзгөрткөн, жана алар “кулактар” деп аталып калган. Екатерина II нин падышалык кылып турган мезгилинде Санкт-Петербургда басылып чыккан

сөздүктө “кулак” деп берилген. Бул сөздүккө таянып кийин XIX к. башында чыккан сөздүктө да “кулак” деп көрсөтүлгөн. Александр I падышалык кылып турган мезгилде басылып чыккан сөздүктө төмөнкүдөй берилген: “Кулак – перекупщик, переторговщик, перебойщик. Кулаки все скупили”. [1] Ошентип кулактар социалдык группа катары XVIII к. аягында, феодалдык-крепостук мамилелердин кыйрап жаткан мезгилде пайда болгон.

XIX к. биринчи жарымында кулактар алектенген операциянын көлөмү бир топ көбөйгөн. Дан, чөп, балык, тери ж.б. сатып алып кайра сатуудан башка кулактар киши ташуу, товар ташуу, ичимдик ичүүчү жайларда, жүргүнчүлөр токтоочу короо-жайлардын уюштуруучулары жана кармоочулары болуп кызмат көрсөтүшкөн. Кулактар падышалык Россияда ири жер ээлери болуп эсептелинип, өздөрүндө жалданган батрактардын эмгегин эле эксплуатациялабастан, кыштактардагы дыйкандарды да эксплуатациялашкан. Кулактар лавкаларды, трактирлерди кармашып, соода мекемелерине жана соода-өнөр жай ишканаларына ээлик кылышкан. Кустардык товарларды сатып алуучулар жана кустардык мастерскойлордун, тегирмендердин, сыр кайнатуучу, май алуучу ишканалардын ээси болушкан. Кыштактагы кедейлерден жана орто дыйкандардан мал, кендир (лен) ж.б. айыл чарба продуктыларын арзан баада сатып алып турушкан.

Кыргызстанда кулактардын пайда болушу Түркстандын Россияга кошулушу менен башталган. 1855-ж. баштап Россияга Түндүк Кыргызстандын кошулушу менен Кыргызстан Батыш Сибирь генерал губернаторлугуна караштуу Ала-Тоо округунун карамагында болуп, Россияга баш ийип калган. 1861-ж. Россияда крепостук укук жоюлуп, дыйкандар эркиндикке чыгышкан. Бирок, жери жок дыйкандар шаарларга батпай кеткендиктен, завод, фабрика ээлери дыйкандардын арзан күчүн пайдалана баштаган. Анын негизинде мурда завод, фабрикаларда иштеп көнүп калган жумушчулардын эмгек акысы төмөндөгөн, ал эми наарызылык билдиргендер жумуштан бошотулган. Ошентип Россияны нааразы болгон жумушчулардын көтөрүлүштөрү каптап кеткен. Мурда Кыргызстандын түндүгүн коруктук (заповедный) зона кылууну пландаштырган орус бийлиги, эми бул кырдаалдан чыгыш үчүн “бунтарларды”, жери жок дыйкандарды жаңы басып алынган жерлерге көчүрүүнү көздөшкөн. Кыска мөөнөттө жери жок орус дыйкандары Кыргызстандын түндүгүнө көчүрүлүп келе баштаган. Орус өкмөтүнүн колдоосуна ээ болгон орус кедей дыйкандары тез арада буттарына туруп байып кетишкен. Кыргыздардын малдарын арзан баада сатып алып, өзүлөрү дыйкандарга керектүү шаймандарды, турмуш-тиричилигине керектүү буюмдарды Россиядан ташып келип сатып турган. Ошентип Кыргызстанга келген жакыр орус дыйкандары байып кулак болуп калышкан. Аларга Совет бийлигинин кереги жок болгон, ошондуктан Кыргызстандын түндүгүндө совет бийлиги кеч орногон жана совет бийлигине каршы козголоңдорду чыгарышып совет бийлигин жок кылууну көздөшкөн.

Контрреволюциячыл план боюнча советтик Түркстанга чабуул коюу бир мезгилдин ичинде бардык тараптан – Сибирден, Закавказьеден, Оренбургдан башталууга тийиш болгон. Түркстандын өзүнүн ичинде кулактардын жана ак гвардиячылардын бир катар козголоңдору даярдалып, интервенттер жана ак гвардиячылар Жети-Суу фронтуна өтө чоң көңүл бурушкан. Жети-Сууну басып алуу ак гвардиячыл Сибирь үчүн аларга мүмкүнчүлүк бермек, ал эми экинчи жактан, Кытай менен чектешкен жана Советтерге кас болгон оокаттуу кулактардын бир кыйла катмары бар болгон Жети-Суу областы азык-түлүк жана сырьё менен жабдуунун булагы болгон. Ошондуктан, Жети-Суу фронту империалисттер үчүн согуштук стратегиялык мааниге ээ болгон жана анын үстүнө Ташкентке – Түркстандын революциячыл борборуна сокку уруу үчүн оңтойлуу багыт болуп эсептелген.

Совет бийлигинин көргөн чаралары – жерди мамлекеттештирүү, орус жана кыргыз кедей дыйкандарына жер бөлүп берүү, орустар менен бир катарда кыргыздарга толук тең укуктуулукту берүү, кулактарды саясий укуктардан ажыратуу, эркин соодага тыюу салуу, азык-түлүк чачымы - мына ушулардын бардыгы эксплуататорлордун - кулактардын, казак орустардын төбөлдөрүнүн, байлардын жана манаптардын таламдарын козгогон. Мында буржуазиячыл элементтердин бардыгы Совет бийлигин кастык менен тосуп алышып, ушак жүргүзүп жана саботаж жасай башташкан.

Ак гвардиячылардын күч алышы Түндүк Кыргызстанда совет бийлигине каршы элементтердин күч алышына түрткү болгон. Дмитревка кыштагында (Талас) кулактардын таасири күчтүү болгон. Алар уездин Советин жана аткаруу комитетин тоготкон эмес, кыргыз кедейлерининин мал жана акчаларын тартып алып курал-жарактарды өткөзүү жөнүндөгү Совдептин көрсөтмөлөрүн аткарышкан эмес жана Совет бийлигине каршы контрреволюциялык чыгууларды даярдашкан.

Дмитриевкалык кулактар Беловодскилик кулактар менен сүйлөшүп алышып иш жүргүзгөн, себеби Беловодскиде эсерлердин жашыруун штабы болгон, алар англиялык интервенттер, колчаковдуктар, бай-манап төбөлдөрү, Жети-Суу, Ак-Төбө фронтунун ак гвардиячылары, "Түркстандык аскердик уюму" жана Ташкентеги эсерлер менен байланышта болушкан.

Ташкенттеги контрреволюциялык борбордун планы боюнча Түркстанда козголоңдун башталышы 1918-ж. аягында белгиленген. Димитриевкалык жана беловодскилик кулактарга Талас өрөөнүндө жана Пишпек уездинде Совет бийлигин жоюу милдети жүктөлгөн. Бирок беловодскилик кулактардын жетекчилери дмитриевкалыктар менен бирдиктүү кыймылга чыгуудан баш тартышкан. Себеби алрдын белгиленген мөөнөттөн мурда козголоңду баштагандарына нааразы болушкан. Дмитриевкалык кулактар беловодскиликтер колдобой тургандыгы жөнүндө маалымат алгандан кийин алдастап калышты, ташкенттик контрреволюционерлердин башчысы Осипов да өз убагында жардам бере албай калган [3:25].

Эсерлер, кулактар бул козголоңдогу негизги фигураларды түзүшүп, козголоңдун уюштуруучулары, жетекчилери жана каржылоочулары болушкан. Дмитриевка кыштагындагы кулактардын козголоңунун уюштуруучулары жана каржылоочулары кулактар Ефрем Коханов, Максим Чала, Антон Шмариков, бир туугандар Супкиндер, Витиевскилер, Чомаровдор, Красоцкилер, Август Цейер жана дин кызматкери (*священник)* Фивейский болгон. 1918-ж. 1-майда Олуя-Ата уездинин жумушчу, солдат жана дыйкан депутаттык Советине Иваново-Алексейск болуштугунун тургундарынан жазуу жүзүндө арыз түшкөн. Анда Дмитревкада антисоветтик пропаганда ачык эле жүргүзүлүп жаткандыгы, Жети-Суу фронтуна аскерлерди жөнөтүү үчүн атка кошулуучу араба берүүдөн баш тартышкандыгы жөнүндө жазылган. Арызда тезирээк чара көрүү керектигин же Иваново-Алексеевкалык дыйкандарды куралдандырууну өтүнүшкөн [4:23-24].

1918-ж. 17-майында Олуя-Ата аткаруу комитети Дмитриевка кыштагынын комиссарына көрсөтмө жөнөткөн, анда "айылдын жарандарына райондун калган калкына, алардын жүрүм-турумуна карата жалпы нааразычылык күчөп жатканын жана Дмитриевка кыштагынын жарандарын Совет бийлигине жана мыйзамдуулугуна баш ийдирүү үчүн Кеңеш экстремалдуу чараларды көрүүгө мажбур болорун – куралдуу күчкө чейин – жарыялоону сунуш кылган" [5:24].

1918-ж. 27-майда Олуя-Ата аткаруу комитети өзүлөрүнүн мүчөлөрүнүн Дмитриевкага баргандыгы жөнүндөгү докладдарын угушуп жана ТАССРдин Эл Комиссарлар Советине төмөндөгүдөй телеграмманы жөнөтүшкөн: "Уезде контрреволюциялык кыймылдар жүрүп жатат. Бийлик күчсүз, токтоосуз күрөш жүргүзүү керек. Кечиктирүүгө жол берилбейт. Дмитриевка кыштагындагылардын Совет бийлигин тааныбагандыгына байланыштуу пулемет жана эки орудия менен куралданган отряд жөнөткүлө. Депутаттар Совети тааныбагандарга Ромашенконун жетекчилиги менен ачык жүрүш жасап, куралдуу каршылык көрсөтүү керек" [6:27]. 1918-жылы 19-июлда Мураевдин командачылыгы астындагы ташкенттен кужүрмон отряд келген.

Эсерлер[1] жетекчилик кылган бул элементтер 1918-ж. 29-августа Дмитриевка кыштагында (Таласта) кулактардын козголоңун чыгарышкан. Ушул козголоңду уюштуруучулар – жергиликтүү кулактар, эсерлер алдоо жолу менен Талас өрөөнүндөгү кыштактардын дыйкандарынын бир бөлүгүн козголоңго тартууга жетишкен. Дмитриевка, Покровка, Чалдовар, Мерке ж.б. кыштактардын эркектери алдын ала согуштук даярдыктардан өтүшкөн. Көтөрүлүшкө чыккандар Мерке, Чалдовар тараптагы дыйкандарды да өзүнө тартып, куралдуу отряддарды түзүүгө аракет жасаган. Бирок, эмгекчи дыйкандардын негизги массасы аларды колдобогондуктан, козголоң ордунан чыкпай калган.

Козголоңду басууга Дмитриевкага Черняевадан (азыркы Чимкентен), андан кийин Олуя-Атадан отряддар келип, Пишпек уездинин эмгекчилери активдүү катышкан. Ошентип, кулактардын совет бийлигин жок кылууга болгон биринчи куралдуу козголоңу тез эле Кызыл Армиянын күчү менен талкаланган. 1918-ж. күзүндө Жети-Сууда, анын ичинде түндүк Кырызстанда англо-америкалык империалисттердин жана колчаковчулардын антисоветтик

---

[1] Эсерлер – Россиядагы социалист-революционерлердин майда буржуазиялык партиясынын мүчөлөрү. Эсерлер партиясы народниктик топтордун биригишинен улам 1901-жылдын аягында – 1902-жылдын башында түзүлгөн. Негизинен кулактарга жана оокаттуу дыйкандарга таянган. Эсерлер жерди коомдук пайдаланууга берүүнү талап кылган. Алар дыйкандардын өз ичинен таптык карама-каршылыктарды танган, буржуазиялык - демократиялык революциядагы пролетариаттын жетекчилик ролун жана пролетариат диктатурасынын идеясын четке кагышкан. 1919-жылы июль айынан ачык контрреволюциянын позициясына өтүшкөн. Эсерлер жарандык согуштун башталышынан аягына чейин совет бийлигине каршы күрөшүшкөн. Эсерлер бир нече жолу кулактардын козголоңдорун чыгарышкан. Түркстанда эсерлер бийликке келсек ар бир дыйканга 30 десятинадан жер беребиз деп ишендиришкен. Ошондуктан дыйкандар эсерлерди ээрчишкен. 1923-жылы эсерлер партиясы жоюлган.

кутумдарынын жана козголоңдорунун жаңы толкуну каптап келген. 1918-ж. кулактык-эсерлердин кутумдарынын бети ачылып жана Успенскиде, Георгиевскиде, Черной речкада, Касыкта, Архангельскиде, Беловодскиде, Горно-Ключевскиде, Вознесенскиде жана башка Түндүк Кыргызстандын элдик пункттарында козголоңдор талкаланган. Алардын эң ириси чоң дыкаттык менен даярдалган Беловодск козголоңу болгон. Эсерлердин уюштуруучулары бул козголоң, бүткүл Жети-Сууну камтып, андан кийин тоолуу Олуя-Ата уезди, Фергана жана Түштүк Бухара аркылуу Закаспийск областына, андан Хива аркылуу Приаральянын ак казактарына өтүп кетет деп ойлошкон [7:113].

Түндүк Кыргызстанда совет бийлиги орногондон кийин биринчи айларында солчул эсерлердин легалдык уюмдары болгон, алар негизинен кулактардын, майда буржуазиялык элементтердин эсебинен толукталып турган. Псевдореволюциялык фразеологияга жамынышып алар антисоветтик ишмердүүлүктү активдүү жайылтышкан.

Оренбург пробкасы жоюлгандан кийин биздин крайлык партия уюму борбор менен байланышып, борбордошкон бийлик пайда болгон. Муну эсерлер жактырышкан эмес. Себеби, борбордо чогулушта эсерлерди мыйзамдардан тышкары деп жарыялашкан. “Солчул” эсерлердин калган бир катар бөлүгү большевиктер партиясына кабыл алынган. Ушул эле процедура андана ары кыштактарда, волостордо өткөрүлсүн деген маселе коюлган. Большевиктер партиясына кирүүнү каалашпаган эсерлер Пишпектен кетип, үгүт иштерин жүргүзүп, кулартардын козголоңун даярдоого өтүшкөн [8:26].

Пишпекте солчул эсерлер Кызыл Гвардиячыл отряддын Жети-Суу фронтуна кеткендигинен пайдаланып, үзгүлтүккө учуратуучу иштерди жүргүзүшкөн. Эмгекчилердин арасында наразычылыктарды туудуру максатында алар Советтердин Кыргызстанда жүргүзгөн иш чараларына саботаж жасашып, эгин монополиясына жана эркин сооданы тыюуга каршы үгүт иштерин жүргүзүшкөн.

1918-ж. ноябрда Верный (Алматы) шаарында Жетисуу областынын большевиктеринин жана солчул эсерлеринин бирдиктүү конференциясы болуп өтүп, анда бул эки уюм бир коммунисттик партияга биригишкен. Съездин жетекчилери абдан чоң саясий ката кетиришип эсер уюмун толугу менен коммунисттик партиянын катарына кошулууга уруксат беришкен. Конференциянын чечими тез эле Жети-Суу уездининин партиялык уюмдарына тарап, Пишпекте 10-ноябрда Пишпек уездинин большевиктик фракциясынын шашылыш чакырылган кеңешмеси болуп өтүп, анда эсерлердин бир бөлүгү коммунисттик партиянын курамына киргендигин кескин сындап чыгышкан жана «Пишпек уездинде эсер партиясы мындан кийин иштебейт жана чогулуш жабылсын» деген чечим кабыл алышкан.  Бул чечимге эсерлердин көпчүлүгү каршы чыгып, большевиктер партиясына кошулууга каршы экендиктерин билгизишип чогулуштан чыгып кетишкен. 1918-ж. 19-ноябрда эсерлердин Пишпектеги контрреволюциячыл уюму жоюулуп, андан кийин коммунисттер партиянын конференциясын чакырышкан. Анда коммунисттик партиянын курамына кошулбаган солчул эсерлерди, Советтерде жетекчи жумуштарда иштеген баардык солчул эсерлерди кызматтан бошотуу тууралуу чечим чыгарышкан. Конференция 4-декбрда өз ишин аяктаган. Анын чечими тез эле ишке киргизилген жана бул совет бийлигине каршы эсерлердин ачык күрөшкө чыгышы үчүн шылтоо болгон. Көтөрүлүш Пишпектен 45 километр батыш тарабында жайгашкан, антисоветтик элементтер топтолгон Беловодск жана Садовое кыштактарында 1918-ж. 7-декабрда башталган.

Пишпекке ал жөнүндө кабар ошол эле күнү кечинде беловодскилик коммунисттер уюмунун коммунисттери Куцеско жана Мордиковдор тарабынан телеграмма жөнөтүлгөн. Беловодскиде эсерлердин катышуусунда кулактардын советтик уюмуна жана большевиктерге коркунуч тулуп жатат деп телеграммада кабарланган, аягында кулактардын козголоңун алдын алуу үчүн уезддин депутаттар советинен куралдуу күчтөн жардам берүүнү суранышкан [9:29].

Пишпек депутаттар советинин төрагасы, аскер комиссары Нагибинге Беловодскиге 40 кызыл аскерлерден турган отрядды жөнөтүүгө көрсөтмө берген.

7-декабрда эле кулактар уюштуруу иштерин жүргүзүшүп, көтөрүлүштү даярдашкан. Өзүлөрүнүн алдына Советтерди жок кылууну программа катарын коюшкан. Аны менен кулактар абдан жек көргөн эгинге болгон монополияны жок кылууну, эгинге эркин сооданы, эсерлердин партиясын легалдаштырууну талап кылышкан.  Козголоңчулар өзүлөрүнүн платформасын аныктагандан кийин кулактар жана эсерлерден 10 адамдан турган Аскердик-элдик (Военно-народный) советти түзүшкөн. Элдик советтин төрагасы эсер, кулак, мурдагы Пишпек уездинин депутаттар советинин мүчөсү Благодаренко шайланган.  Козголоңго Карабалта, Сокулук, Садовое, Александровка ж.б. кыштактардан да катышкан жана алардын совете да өкүлчүлүктөрү болгон.

Алар штаб түзүшүп, анын жетекчилиги менен Совет бийлигин, милицияны жоюшуп, коммунисттер Карповду жана Мордиковду өлтүрүшкөн жана куралдуу күчтү тездик менен чындоого киришишкен. Пишпек - Ташкент телеграф линиясы козголоңчулар тарабынан үзүлгөндүктөн атчан кабарчыны Ташкентке жөнөтүүгө тура келген. Козголоң жөнүндө тез аранын ичинде Верный, Пржевальск, Токмок шаарларына кабар жөнөтүлгөн. Пишпек уездик совети шашылыш чара колдонушуп, тез эле аскердик-саясий штаб түзүшкөн, натыйжада 517 адамдан турган отряд түзүлгөн. 8-декабрда курамына Кызыл армиянын солдаттары, коммунисттер, милициянын кызматкерлери, жумушчу жана кол өнөрчүлөрдүн союзунун мүчөлөрүнөн түзүлгөн 350 адамдан турган отряд уездин военкому Нагибиндин жетекчилиги менен Беловодскиге шашылыш түрдө жөнөтүлгөн. 8-декабрдан 9-декабрга караган түнү Пишпек уездик Эл депутаттар советинин адресине козголоңдун жетекчиси Благодаренкодон телеграмма келген, ал өзүнүн телеграммасында эсерлердин партиясын үстөмдүк кылуучу (доминирующей) партия катары кабыл алууну талап кылган. 10-декабрда кечинде Благодаренко менен Пишпек Совдептин ортосунда түз сүйлөшү болуп, анда Благодаренко өзүнүн төмөнкүдөй талабын койгон: солчул эсерлерди таануу; саясий көз карашы үчүн камакка алынгандарды бошотуу; Беловодск участкасына автономиялык уезди берүүсү; Беловодск участкасынан Кызыл армияны алып чыгып кетүү [10:25].
Пишпек совети кан төгүлүүнүн алдын алуу үчүн козголоңчулар менен сүйлөшүүгө аракет кылышкан. 11-декабрда Жети-Суу областык Советинин демилгеси менен сүйлөшүүгө делегаттар барган, бирок мында да козголоңчулар менен сүйлөшүүлөр ишке ашпай Кызыл Армия Военно-Антоновкага чейин чегинип келишкен. Военно-Антоновкада Пишпекти коргоо пункту түзүлгөн.

Козголоңчулар козголоңду кеңири масштабда жүргүзүп массалык мүнөзгө айландырууга аракет кылышкан. Ошол максатта жакынкы айылдарга баракчаларды таркатышкан. Көтөрүлүшкө Пишпек уезддинин кыштактары эле эмес Олуя-Ата уезддинин кыштактары да катышышкан. Вознесеновка, Благовещенка, Ново-Троцкий, Васильевка, Горно-Ключевой, Черная Речка, Архангелский кыштактары да катышкан. Успеновка, Георгиевка жана Касык деген үч кыштактын дыйкандары кулактардын көтөрүлүшүнө каршы турушкан.

12-декабрда Верныйдан Жети-Суу областык аткаруу комитетинин кызматкерлеринин жетекчилиги астында өзгөчө уполномоченная комиссия келип, козголоңдун келип чыгуу себебин аныктоо жана андан ары кан төгүлүүнү токтотууга чара колдонууну максат кылып келишкен. Алар козголоңчулар менен сүйлөшүлөрдү жүргүзүшкөн, бирок Пишпек – Беловодскинин ортосундагы сүйлөшүүлөр эч натыйжа берген эмес. Көтөрүлүшчүлөр борборго фронтту жарып өтө албастыгын түшүнгөндөн кийин фронтту айланып өтүү манерасына өтүшүп, 14-декабрда эртең менен 300 адамдан турган аттуу козголоңчулар Агафонцевдин командачылыгы менен тоо этеги менен айланып өтүп шаарга чабуул коюп, шаардын батыш тарабын басып алышкан. Ошентип Военно-Антоновкада жайгашкан Кызыл армия Пишпектен бөлүнүп калган.
16-декабрда козголоңчулар Папеновка (Пишпектин түштүк батыш тарабында Папенов деген орус кулагынын имениясы жайлашкандыктан ошол аймак Папеновка деп аталган) тараптан кол салышып, шаардын көчөлөрү үчүн катуу салгылашуу башталган. Сагылашуу катуу жүргөндүктөн козголончулар чабулдуу токтотууга аргасыз болуп, кийинки чабуулга даярданууга өтүшкөн. Верныйдан Петровдун командачылыгы астындагы полктун келиши абалды андан ары курчушуна алып келген. Жети-Суунун түндүк фронтунун башчысы Пишпектеги кыйын абалды түшүнүп биринчи Пишпек полкун жөнөткөн. 2--декабрда Логвиненко командалык кылган полк 600 км аралыкты 9 суткада басып өтүп Копалдан (азыркы Талды-Курган шаары) Пишпекке келген. 26-декабрда Беловодск кыштагын Кызыл армиячылар ээлеп, 29-декабрда Пишпек уезди контррреволюционерлерден тазаланган. Козголончулардын жетекчилери Благодаренко жана анын жандоочулары качып кетишкен. [11:97].

1918-ж. декабрдын аягында козголоң басылып, совет бийлиги калыбына келтирилген. 1919-жылы 1-январда бул согушта каза болгон Кызыл аскерлердин сөөгү Пишпектеги эмен паркына коюлуп, ал жерге өчпөс от орнотулган (Орус драм театрынын алдындагы пушкалардын астында орнотулган). Азыркы күндө Улуу Ата Мекендик согуштун курмандыктарына арналып тургузулган эстеликте өчпөс от орнотулуп, ошондой эле газдын жетишсиздигинен жана кымбатташынан граждандык согуштун курмандыктарына арналып орнотулган өчпөс от өчүрүлгөн.
Беловодск козголоңунун талкаланышы контрреволюционерлерге чоң сокку урган, бирок совет бийлигин жок кылууну андан ары улантышкан.

1919-жылы сентябрда артиллерия менен куралданган Сибирдик контрреволюционерлердин ири күчү Жети-Сууга багыт алып келген. Алардын максаты фронтту

жарып өтүп Түркстан крайында орногон Совет бийлигин жок кылуу эле. 1919-жылы күзүндө түндүк Жети-Суу фронтунун Копал – Абакумовка линиясы жана түштүк Жети-Суу фронтунун Жаркент – Пржевальск линиясы түндүк Кыргызстанга жакын жайгашкан жана андагы ак гвардиячылардын күчү чоң коркунуч туудуруп турган.

Түндүктөн суурулуп келе жаткан ак гвардиячылардын толкунуна Верныйда биринчи дүйнөлүк согуштан кайткан фронтовик солдаттардан түзүлгөн Кызыл Армиянын отряддары жана кыргыз, казак кедейлери каршы турушкан. Синцзянда туруп Аненков Пржевальск уездиндеги кулактардын активдүү жардамына ишенген, мындагы кулактар Ысык-Көл өрөөнүндөгү асыл жерлерди ээлеп турушкан. 1916-жылдагы көтөрүлүш басылгандан кийин алар кыргыздардын жерлерин басып алууга жана ушундай жол менен өздөрүнүн чарбасын дагы көбүрөк чыңдоого жетишкен. Атаман Анненков аркылуу империалисттердин Кулжадагы (Кытай) агенттери менен байланышып, кулактар козголоң чыгарууга даярдана башташкан. Алардын планы Пржевальск уездин басып алып, Совет бийлигин кулатуу, андан кийин Копал жана Жаркент багытында урушуп жаткан Кызыл Гвардиячыл отряддарга тылдан сокку уруу болгон. 1919-ж. жазында Кытай менен болгон чек арада полковник Сидоровдун ак гвардиячыл отряды пайда болгон, бирок анын андан ары жылышын Верныйдан жана Пржевальскиден жиберилген Кызыл Гвардиячыл отряддар токтотушкан.

1919-жылы 20-июлда офицер Демченконун жетекчилиги астында 600 адамдан турган отряд Пржевальск уездинин борбору Пржевальск шаарын басып алууга аракет кылышкан. Контрреволюционерлер өзүлөрүнүн максатын ишке ашырууга ыңгайлуу мезгилди тандашкан, себеби ошол мезгилде Пржевальск жана Нарындагы негизги күчтөр фронтко кетип, шаарда начар куралданган аз сандагы аскер бөлүгү калган. Козголоңдун максаты совет бийлигин жок кылуу, андан кийин бир жыл мурун Кытайга Үч-Турфанга качып кеткен падышачылыктын жана империалисттердин ишеничтүү слугалары болгон Руновский, Ходосов, Хромых, Иванов ж.б. өкүлдөр кирген «Убактылуу өкмөттү» түзүү болгон.

Бул өкмөт Пржевальск уездинен кыргыздарды кууп чыгып жана кедейлер комитетин жоюп, эркин соодану калыбына келтирип жана совет бийлигин жек көргөн кулактардын баардык мүдөлөрүн канаттандыруусу керек эле. Бирок душмандар мында да эч нерсеге жетише алган эмес.

Алар өзүлөрүнүн тегерегине ошол кезде шаарда болгон аз сандагы аскер күчүн жана совет бийлигине берилген шаардын калкынын бөлүгүн топтошуп жана болгон күчкө таянып 1919-жылы 25-июлунда Пржевальск шаарын коргоп эле калбастан кулактардын козголоңдорун толугу менен баса алышкан. Шаардын эли Верныйдан Кызыл армия жардамга келгиче бир жума бою шаарды коргогон.

26-27-июлда Кызыл аскерлердин биргелешкен күчтөрү козголоңчуларга чечүүчү сокку урган. Козголоңдун жетекчилери жана «Убактылуу өкмөттүн» шайлана элек мүчөлөрү Кытайга кайра качууга тура келген. Ошентип түндүк Кыргызстандагы кулактардын козголоңунун бир очогу жок кылынган. Бирок совет бийлигин коргоо үчүн болгон согуш дагы эле аяктаган эмес.

Ички жана тышкы контрреволюциячыл күчтөр талкаланган соң анын калдыктары чет жактагы райондорго барышып, ал жактарда акыркы аракеттерди жасап көрүшкөн. Совет бийлигин чыңдоо жана Кыргызстандагы чарбалык курулуш 1920-жылга чейин контрреволюцияга каршы күрөштө өтүп, советтик территориядан куулган ак гвардиячыл атаман Дутов менен атаман Анненков кытайдын чек ара райондорунда туруп, Жети-Сууга кол салууга аракет кылышкан. Кулактар, байлар жана манаптар да Кыргызстанда Совет бийлигин кулатуунун планын мактап, аларды колдошкон. Верныйда козголоң басылгандан кийин атамандар Анненковдун, Дутовдун, Шербаковдун талкаланган аскерлеринин аман калган жана чет мамлекетке качып кеткен калдыктары Синьцзянда бекип алышып, мезгил-мезгили менен чек арадан өтүп чек арадагы айылдарга кол салып турушкан. Ак генералдар Жети-Сууда жаңы фронт ачуу жөнүндөгү өз пикиринен баш тартышкан эмес.

Ошондой козголоңдордун бири 1920-жылы ноябрда Атбашыда башталган жана анын башында мурдагы офицер Д.Кирьянов, соодагер К.Бондарев турган. Алар жергиликтүү бай-манаптардын жардамына таянып Нарын шаарында контрреволюциячыл төңкөрүш жасаган.

Кулактар – Бондарев, Фистков жана Нестеров, ошону менен бирге падышалык армиянын офицери – Кирьянов, Шевченко жана Демченко жетекчилик кылган Нарындагы контрреволюциячыл бандалар Нарын райондук керек-жарак союзунун төрагасы болуп иштеген чыккынчы Черниковдун активдүү катышуусу астында 1920-ж. 6-ноябрда 24-сибирдик полктун анча чоң эмес кызыл аскердик гарнизонуна капысынан кол салып, шаарды басып алган. Ак бандиттер уездик-шаардык өзгөчө бөлүмдүн төрагасы С.Орозбековду жана партиянын уездик-

шаардык комитетинин төрагасы Х.Мусаевди атып жиберишет, 47 партиялык, советтик кызматкер камакка алынган. Биринчи ийгиликтерге магдыраган козголоңчулар Жети-Суудагы бийликти колго алыш үчүн Токмокко жана Пишпекке аттанышкан.

Нарын козголочулары менен айыгышкан чечүүчү уруш Кочкор районунда болгон, козголоңчулар бул жерде толук жеңилип, талкаланган козголоңчуларды кызыл аскерлердин отряды Нарынга чейин куугунтукка алышкан. Алардын аз сандаган гана адамдары чет мамлекетке, Кытайга кире качышып, колго түшкөн жетекчилери жана ашынган контрреволюционерлер советтик адилеттүү соттон тиешелүү жазасын алышкан [13:38].

Келишпес мүнөзгө ээ болгон мына ушундай антисоветтик айыгышкан согуш 1918-жылдын экинчи жарымынан башталып 1920-жылдын аягына чейин созулган. Кулактардын антисоветтик кыймылын жөн эле кулактардын козголондору деп баалоого болбойт. Дмитриевкада эсерлер, кулактар катышкан болсо, Беловодск, Пржевальск, Нарында аскердик даярдыктан өткөн ак гвардиячылар, орус падышакчылыгынын офицерлери, биринчи дүйнөлүк согуштун катышуучулары жергиликтүү кулактар менен чогу согушкан. Военный –Антоновкада, Дунгановкада кадимкидей эле фронт болгон. Пржевальск (Каракол) шаары бир жума курчоо абалында болгон. Нарынды болсо ак гвардиячыл офицер Киряновдун жетекчилиги менен басып алып өз бийликтерин орноткон. 1920-жылдын аягында – 1921-жылдын башында Түндүк Кыргызстанда кулактардын коркунучтуу очоктору жок кылынган. Кулактар болсо тап катары 1930-жылдын башында жоюлган.

***Пайдаланылган адабияттар:***

1. Словарь русского языка X1-XV11 вв. - М., 1981. Вып. 8. - 114.
2. Узбеков С.У. Киргизия в период гражданской войны. - Фрунзе, 1973. - С. 25.
3. Ошондо эле. - С. 23-24.
4. Ошондо эле. - С. 24.
5. Ошондо эле. - С. 27.
6. Чебыкин Н.Г. Пишпекте жана Жети-Суу фронтунда// Кыргызстанда граждандык согуш жана революциялык окуяларга катышкан адамдардын эскерүүлөрү. - Фрунзе, 1958. 111-117-бб. 113-б.
7. Кутарева В.Г. Основные этапы гражданской войны в Киргизии (1918-1920 гг.). - Фрунзе, 1946. - С. 26.
8. Ошондо эле. - С. 29.
9. Ошондо эле. - С. 26.
10. Акименко Д.К. Пишпек уездинде кулактардын заговорун жоюу/Кыргызстанда граждандык согуш жана революциялык окуяларга катышкан адамдардын эскерүүлөрү. - Фрунзе, 1958. 92-98-бб. 92-б.
11. Жантуаров С.Б. Кыргызстанда Октябрь революциясы жана граждандык согуш. - Фрунзе, 1957. - 28-29-бб.
12. Ошондо эле, - 31-38 бб.